УДК: 81-13

*Койлубаева А. К., ф. и. к., доцент, a.koylubaeva@mail.ru*
*Казыбекова А., магистрант*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

## ОКУУЧУЛАРДЫ ТАЛДООГО ҮЙРӨТҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

*Макалада синтаксистик талдоо боюнча өтүлүүчү сабактын планы, ошондой эле татаал сүйлөм, анын түрлөрү боюнча талдоого үйрөтүүнүн жолдору сунушталат. Ошондой эле кыргыз тилин окутуунун инновациялык формалары сунуш кылынды, окутууну инновациялоодо интерактивдүү ык-жолдору, каражаттары аныкталды.*

*Мектептерде кыргыз тилин окутуу окуучуларды эне тилин кастарлап сүйүүгө, анын түркүн сырларын, кубулуштарын талдай билүүгө жана алардын тилдик табитин калыптоого багытталган. Бул милдеттерди ишке ашырууда кыргыз тили боюнча жүргүзүлүүчү талдоолордун мааниси чоң. Мектеп практикасында фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик талдоолор бир топ кеңири колдонулат. Кыргыз тили боюнча окуу программасына ылайык, 5-класстарда синтаксистик талдоо деген сабак татаал сүйлөм деген теманы өткөндөн кийин, 1 саат көлөмүндө 1-чейректе өткөрүлөт. Биз мына ушул сабакты уюштуруп өткөрүү боюнча болжолдуу планды сунуштайбыз.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *синтаксистик талдоо, татаал сүйлөм, тең байланыштагы татаал сүйлөм, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм, баш сүйлөм, багыныңкы сүйлөм, сүйлөм мүчөлөрү.*

*Койлубаева А. К., к. ф. н., доцент, a.koylubaeva@mail.ru*
*Казыбекова А., магистрант*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*

## ОБУЧЕНИЕ УЧАЩИХСЯ СПОСОБАМ РАЗБОРА ПРЕДЛОЖЕНИЙ

*В данной статье дается план урока синтаксического разбора, также рекомендации обучения способам разбора сложных предложений и его видов. Предложены инновационные формы обучения кыргызскому языку, а также определены средства, инновационные приемы интерактивного обучения.*

*Преподавание в школах кыргызского языка прививает у учащихся любовь к родному языку, изучению разносторонних направлений, развивает умения анализировать явления и формирования в них языковых средств. Для реализации этих задач большое значение имеет разбор предложений по кыргызскому языку. На практике в школах широко используется фонетический, морфологический и синтаксический разбор. Согласно учебному плану кыргызско языка для 5ых классов тема синтаксического разбора следует после темы «Сложное предложение» в I четверти в объеме 1 часа. Мы предлагаем примерный план для этого урока.*

***Ключевые слова:*** *синтаксический разбор, сложное предложение, сложносочиненное предложение, сложноподчиненное предложение, главные члены предложения, второстепенные члены предложения, члены предложения.*

*Koilubaeva A. K., Candidate of Philological sciences,*
*Associate Professor, a.koylubaeva@mail.ru*
*Kazybekova A., master's student*
*K. Tynystanov Issyk-Kul University*

**TEACHING STUDENTS HOW TO PARSE SENTENCES**

*This article provides a lesson plan for parsing, also recommendations for learning how to parse complex sentences and its different types. Proposed innovative forms of learning Kyrgyz language, as well as means and innovative techniques of interactive learning are identified. Teaching Kyrgyz language at schools instills the students love to the native language, the study of diverse directions, analyze the phenomena and the formation of language means in them. Parsing the Kyrgyz sentences plays the great role for implementation of these tasks. In practice, phonetic, morphological and syntactic analysis are widely used at schools. According to Kyrgyz language curriculum for 5-grades topic of syntax analysis held after the topic of a complex sentence in the first term in the amount of 1 hour. We offer a rough plan for this lesson.*

***Key words**: parse, complex sentence, main part of a sentence, part of the sentences.*

Маалымат берүүдө же ойду маалымдоодо шарттык, себептик, мезгилдик ж.б. өзгөчөлүктөрү боюнча бири-бирине маанилик жактан катышы бар жөнөкөй сүйлөмдөр айтылуу интонациясы аркылуу, же кайсы бир грамматикалык каражаттардын жардамы менен тутумдашып келип, жыйынтыктуу ойду баяндаган бир бүтүн сүйлөмдү түзөт да, мындай сүйлөмдөр тил илиминде татаал сүйлөмдөр деп аталат. Татаал сүйлөмдүн тутумуна кирген жөнөкөй сүйлөмдөр өз алдынча турган табиятынан алыстап, биринин маанисин экинчиси толуктап, тактап турган бир бүтүндүк катары келет. Мындай сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо жүргүзүүдө эң алгач анын курамында өз ара катышта келген жөнөкөй сүйлөмдөрдү аныктап алуу талап кылынат. Башкача айтканда, ар кайсыл татаал сүйлөм эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара маанилик жана грамматикалык катыштарынан түзүлгөндүктөн, анын курамындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрү, бири-бири менен болгон катыштары көрсөтүлүү аркылуу ар бири өз алдынча сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратылат. Анткени татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар биринин өздөрүнө тийиштүү баш мүчөлөрү болот.

Татаал сүйлөмдүн табиятын тереңирээк өздөштүрүп, ага толук жана туура синтаксистик талдоо жүргүзүүгө, жөнөкөй сүйлөмдөрдөн болгон өзгөчөлүктөрүн ажыратууга жетишүү үчүн төмөнкү учурларды эске алуу керек:

1) Татаал сүйлөмдүн табияты анын структуралык бөтөнчөлүгүнө жараша шартталат. Анын тутумунда эки же андан көп сүйлөмдүн катышып келиши милдеттүү түрдөгү норма болуп эсептелет.

2) Жөнөкөй сүйлөмдөр татаал сүйлөмдүн составдык бөлүктөрү катары келүү менен бирге, интонациялык жактан да тийиштүү өзгөрүүлөргө учурайт. Башкача айтканда, жөнөкөй сүйлөмдөр өз алдынча турганда тыянактуу интонацияга ээ болсо, татаал сүйлөмдүн тутумуна киргенде өз алдынча эмес, бирдиктүү татаал сүйлөмдүк интонацияга ээ болот.

3) Жөнөкөй сүйлөмдөргө салыштырмалуу татаал сүйлөмдө ой бир топ кеңири, далилдүү планда берилип, негизги айтылуучу ой кийинки жөнөкөй сүйлөм аркылуу чечмеленип, салыштырылып бекемделет.

4) Жөнөкөй сүйлөм менен татаал сүйлөмдү бири-биринен айырмалоодо сүйлөмдүн көлөмү эч кандай роль ойнобойт. Башкача айтканда, эки-үч сөздөн түзүлгөн татаал сүйлөмдөр, тескерисинче, 10-15 сөздөн куралган жөнөкөй сүйлөмдөр кебибизде арбын кездешет.

Мына ушул багытта 5-класста өтүлүүчү сабактын моделин түзүп көрөлү. Бул сабак окуучулар татаал сүйлөм боюнча толук маалымат алгандан кийин өзүнчө 1 саат көлөмүндө өтүлөт.

Сабактын темасы: **СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО**

Сабактын максаты:

А) Билим берүүчүлүк максаты: Окуучулар татаал сүйлөм, анын түрлөрү, тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору жана тыныш белгилеринин коюлушу боюнча алган билимдерин тереңдетишет

Б) Өнүктүрүүчүлүк максаты: Синтаксистик талдоо жүргүзүүгө машыгышат.

В) Тарбия берүүчүлүк максаты: Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга тарбияланышат.

Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу ...

**А)** татаал сүйлөм, анын түрлөрү, тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланышуу жолдору жана тыныш белгилеринин коюлушу боюнча билимдерин тереңдетишсе;

**Б)** синтаксистик талдоо жүргүзө алса;

**В)** топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша билсе.

| **Окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр** | |
|---|---|
| **Тилдик компетенттүүлүк** | -сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзөт;<br>-татаал сүйлөм, анын түрлөрү боюнча талдоо жүргүзө алат; |
| **Кептик компетенттүүлүк** | -сүйлөө кебинде тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү колдоно алат;<br>-оозеки кепте интонацияны сактай алат. |
| **Маданий компетенттүүлүк** | -кеп маданиятына ээ болот;.<br>-адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө калыптанат. |

Сабактын тиби: алган билимди бышыктоо сабагы

Сабактын методу: интерактивдүү методдор

Сабактын жүрүшү: **1**. Уюштуруу 2. Өтүлгөн теманы кайталоо.

(Кайталоо учурунда окуучулар топторго бөлүнүшүп, ар бир топко өзүнчө тапшырмалар берилет).

1-топ үчүн:

Эмне үчүн багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү баш сүйлөм жана багыныңкы сүйлөм деп бөлүп карайбыз? Мисал келтирүү менен жооп бергиле.

2-топ үчүн:

Тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмгө Венндин диаграммасын түзгүлө.

3-топ үчүн:

Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандай байланышат? Мисалдар келтирүү менен айтып бергиле.

Ар бир топтон лидерлер чыгып, берилген тапшырмаларды жактап беришет. Топтун калган мүчөлөрү кемчиликтерин толукташат, же болбосо суроолор берсе да болот.

Татаал сүйлөм боюнча талдоо жүргүзүүдө төмөнкүлөр эске алынат:

-айтылыш максаты боюнча кандай сүйлөм экендиги;

-татаал сүйлөмдүн кайсы түрү: тең байланыштагыбы, же багыныңкы байланыштагыбы?

-татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар бирин өзүнчө ажыратып, баш мүчөлөрүн табуу;

-жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандай байланышканын айтып берүү.

***1. Акылсыз сүйлөгөндө, акылман унчукпайт.***

*а) оозеки түрүндө:*

Айтылыш максаты боюнча жай сүйлөм, анткени айтылып жаткан ой жай интонация менен берилип, аягына чекит белгиси коюлду; грамматикалык түзүлүшү боюнча татаал, себеби тутумунда эки жөнөкөй сүйлөм бар; анын ичинен багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм, себеби тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн бири *(акылман унчукпайт)* айтылып жаткан ойду жыйынтыктаса, экинчиси *(акылсыз сүйлөгөндө*) ага көз каранды абалда турат.

Татаал сүйлөмдүн тутумунда эки жөнөкөй сүйлөм бар: 1. *Акылсыз сүйлөгөндө*; 2. *Акылман унчукпайт*.

Биринчи сүйлөмдүн баш мүчөлөрү: ким сүйлөгөндө? –*акылсыз*– ээ; акылсыз эмне кылганда? – *сүйлөгөндө*– баяндооч; экинчи сүйлөмдө: ким унчукпайт? – *акылман* – ээ; акылман эмне кылат? *унчукпайт*– баяндооч.

*б) жазуу түрүндө:*

Акылсыз сүйлөгөндө, акылман унчукпайт.

Айтылган аныктамалар, талдоонун талаптары окуу китебиндеги көнүгүүлөр менен аткарылып толук үйрөнүлөт. 197-көнүгүүнү көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча төмөнкүдөй талдоо жүргүзүлөт:

*1. Жигиттин түсүн айтпа, ишин айт. 2. Баканын өзү чөлдө болсо да, көзү көлдө. 3. Терең дайра жай агат, акылдуу адам аста сүйлөйт. 4. Эринчээктин эки досу бар,бири – күлкү,бири – уйку.*

198-көнүгүүдөгү “Өзүнүн ким экенин кантип билүүгө болот”деген текст окулуп, кандай маани бар экендигин талкуулаган соң, баш жана багыныңкы бөлүктөрү аныкталат:

*Күчүн сынап баалабастан, ишин сынап баала* – бул сүйлөм багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм. Тутумунда эки жөнөкөй сүйлөм бар: **1. *Күчүн сынап баалабастан*** – багыныңкы сүйлөм**; *ишин сынап баала*** – баш сүйлөм, себеби айтылып жаткан ойдон жыйынтык чыгарды. Күчүн эмне кылбастан? – *баалабастан* –баяндооч, эмнесин баалабастан?–*күчүн*-толуктооч, себеби кыймыл-аракет багытталган затты көрсөттү; кантип баалабастан? –*сынап*-бышыктооч, себеби кыймыл-аракеттин сыпатын көрсөтүп турат; *ишин сынап баала*-баш сүйлөм, ишин эмне кыл?-*баала*-баяндооч, эмнесин баала?-*ишин*-толуктооч, себеби кыймыл-аракет багытталган затты көрсөттү,

кантип баала?-*сынап*-бышыктооч, себеби кыймыл-аракеттин сыпатын билдирип турат.

*Өз милдетиңди аткарып туруп, өзүңдүн эмнеге жарамдуу экениңди билесиң* –бул да багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм. Тутумунда эки жөнөкөй сүйлөм бар: 1. ***Өз милдетиңди аткарып туруп*** –багыныңкы сүйлөм; 2. ***өзүңдүн эмнеге жарамдуу экениңди билесиң*** – баш сүйлөм, себеби айтылып жаткан ой боюнча жыйынтык чыгарып турат

199-көнүгүүдө татаал сүйлөмдөрдүн түрү, тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору аныкталып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүлөт:

**1.** ***Туюнтпай мээнет жолукса, тууганың сага кас болот*****.** Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм, тутумунда эки жөнөкөй сүйлөм бар, ***тууганың сага кас болот*** - баш сүйлөм; Жөнөкөй сүйлөмдөр шарттуу ыңгайдын –са мүчөсү аркылуу байланышып турат.

***2. Жалгандын жолу – миң, чындыктын жолу – бир.*** Тең байланыштагы татаал сүйлөм, тутумунда эки жөнөкөй сүйлөм бар, алар өз ара интонация аркылуу байланышып турат;

***3. Жакшылык бардык карама-каршылыкты жеңип, турмушту көркүнө чыгарат***. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм, тутумунда эки жөнөкөй сүйлөм бар, ***турмушту көркүнө чыгарат*** – баш сүйлөм, себеби айтылып жаткан ой ушул сүйлөмдө жыйынтыкталды. Жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна -ып мүчөсү уланууменен байланышты.

Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар тең жана багыныңкы байланыштагы сүйлөмдөрдү катыштырып чакан текст түзүшөт жана каалаган 1-2 сүйлөмүнө синтаксистик талдоо жүргүзүшөт.

**Оозеки суроолор:**

**1.** Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?

2. Эмне үчүн тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм деп бөлүп карайбыз?

3. Татаал сүйлөмдүн ар бир түрүнө мисал келтиргиле жана алардын тең байланышта экенин же болбосо багыныңкы байланышта экендигин далилдеп бергиле.

4. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандайча байланышат? Мисал келтиргиле.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

1. Силерге өз алдыңарча эреже чыгаруу оңой болдубу?
2. Силер үчүн кайсы тапшырманы аткаруу жеңил же оор болду?

**Окуучулардын билимин баалоонун талаптары:**

1. Окуучунун теманы өздөштүрүүсү;
2. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү экенин аныктоосу;
3. Суроолорго так жооп берүүсү;
4. Сүйлөө кебинде далилдерди пайдаланышы;
5. Ойлорун тартынбай толук айтышы;
6. Көнүгүүлөрдү эрежесине жараша туура аткаруусу.

**Үйгө тапшырма:** 200-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна мааниси жагынан байланыштуу болгон экинчи сүйлөмдү толуктап жазуу.

**Адабияттар:**

1. Жалилов А. Кыргыз тили боюнча талдоонун түрлөрү. -Б., 1995.
2. Койлубаева А. Кыргыз тили 5-класс. -Б., 2018.
3. Өмүралиев Б. Кыргыз тилинин синтаксисин окутуунун методикасы. -Ф., 1991.
4. Чыманов Ж. Сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы: методикалык колдонмо. -Б., 2009.